КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

БИШКЕК ТЕХНИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

Бекитемин

Директор

__________К. К. Келебаев

___ _____________ жыл

**2024-2025-окуу жылындагы Бишкек техникалык колледжинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жылдын жыйынтыгы**

**Бишкек**

**2024-2025 -окуу жылындагы Бишкек Техникалык Колледжинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жылдын жыйынтыгы**

0.1 Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана Илим Министирлиги "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конститутциялык Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35-жылдыгына, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100-жылдыгына карата мамлекттик тилдин үч айлыгын жарыялоо максатындагы буйруктун негизтнде иш чара уюштурулду.

0.2 Иш чарада Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100-жылдыгына карата докладдар окулуп, мамлекеттик тилибиз болгон кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча көркөм ырлар окулуп, кыргыз элинин каада-салттары, бата сөздөр.эне тилибиздеги көөнөрбөс мурастар даңталып, макал-лакап, комуз күүлорү чертилип, ыр бийлери менен коштолду. Жооптуулар: Кыргыз тили жана адабияты мугалимдер.

0.3 Иш чарага активдүү катышкан студенттер:

1.Эшеев Имран 102-ПКС-1

2. Абдрасулов Чынгызбек 102-ПКС-1

3. Асанакунов Анас 102-ПКС-1

4. Букарбекова Айэлита 103-ПО-1

5. Жумагулова Назгуль 103-ПО-1

6. Мамбетакунов Байкелди 103-ПО-1

7. Толобалдиева Айдана 103-ПО-1

8. Туратбеков Нурболот Нурбекович 202-ПКС-1

9. Шадиев Ринат Талайбекович 202-ПКС-1

10. Марлинсова Камила 202-ПКС-1

11. Шамшиева Асемай 202-ПКС-1

2024-жылдын 18-Сентябрынан 18-Декабрына чейин “Мамлекеттик тил-Улуттук дөөлөт” аталышындагы үч айлыгына карата өтүлүүчү кураторлук сааттардын түзүмү:

| | Аткарылуучу темалар | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | **23-Сентябрь Мамлееттик тил күнүнүн 34-жылдыгына карата “Тил улуттун жан дүйнөсү”иш чара уюштуруу.** | **22.09.24 Сентябрь Адабий кече** | **В.Н.Кендирбаева** |
| 2 | **“Тил-ар бир элдин маданий казынасы жана түгөнгүс байлыгы.** | **Сентябрь Кураторлук саат** | **И.Т.Калмырзаев** |
| 3 | **“Тилден бал да тамат,уу да тамат.** | **Сентябрь Таймаш сабагы** | **М.А.Садирова** |
| 4 | **“Аалам алпы -Айтматов** | **Октябрь Кураторлук саат** | **З.Ж.Калдарова** |
| 5 | **“Элимдин эртеңи-эне тилинде” деген темада дил баяндар жазуу** | **Октябрь** | **Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери.** |
| 6 | **“Эне тил жана Айтматов”.** | **Октябрь Сахна сабагы** | **Махсудали к Зарина** |
| 7 | **“Улуу тил жана Айтматов”.** | **Ноябрь Кураторлук саат** | **Кылыйева Н.К** |
| 8 | **“Ала Тоодон үн салган Айтматов”.** | **Ноябрь Таймаш сабагы** | **Нурланова.Айпери** |
| 9 | **Ч.Айтматовдун каарманлары студенттердин көз карашында Сүрөт көргөзмө уюштуруу.** | **Декабрь Сүрөт көргөзмө** | **А.Ж.Абдраимова** |
| 10 | **Ч.Айтматов боюнча бурч уштуруу.** | **Октябрь Декабрь** | **Кураторлор** |
| 11 | **Илим менен Билимге көпүрө тил Көкөлөктөн адамды тили деп бил.** | **Ноябрь Көркөм окуу** | **К.Ш.Мукашев** |
| 12 | **Тил аң-сезим сыяктуу эле эң байыркы болуп эсептелет.** | **Декабрь Викториналык сабагы** | **Кураторлор** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **13** | **Канткенде адам уулу адам болот.** | **Декабрь Адабий кече** | **А.Үркүнбаева** |
| **14** | **“Кылым кезген эне тил жана Чыңгыз.** | **Декабрь Кураторлук сабак** | **Тентимишова.А** |
| **15.** | **“Кыргыз тили-кыргыз элинин улуттук тили,улуттук маданиятынын очогу жана Ч.Айтматовго 96-жыл.** | **Декабрь Адабий кече** | **Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери** |
| **16.** | **Жыйынтыктоо.** | **Декабрь** | **В.Н.Кендирбаева** |

**0.5** 2024-жылдын 10-ноябрында "Кыргыз таануу сабагы"саат 18-30 да И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медитциналык академиясында откөрүлгөн семинарга катышуу уштурулду. Семинарга кыргыз тили жана адабияты мугалимдери: Калмырзаев. И.Т, Кендирбаева. В.Н, Садирова. М катыша алышты.

**0.6** 2024-жылдын 30-Ноябрында саат-11-00до чоң жыйындар залында Чыңгыз Айтматовдун 96 жылдык маарекесине карата "Аалам алпы Айтматов, Алыкул Осмоновдун поэзиясына саякат" аттуу адабий кече өткөрүлдү. Адабий кечеге Ишеналы Арабаев атындагы Мамлекеттик Университетинин Кыргыз мамлекеттик тил жана маданият институтунун филология илимдеринин кандидаты доцент Каныбекова Айнура Каныбековна ошондой эле филология илимдеринин кандидаты доцент Устабаева Гулнура Ашырбековналар келип катышып, алп ааламы Айтматовдун жана Алыкулдун өмүр жолу, чыгармачылык ийгиликтери айтылып, студенттерди жазуучунун чыгармаларын сүйүп окууга жана өз тилин сүйгөн мекенчил, патриот болууга чакырып үндөп кетишти.

Бул иш чарада студенттер Чыңгыздын жана Алыкулдун обондуу ырларын ырдап, көркөм окууларды айтышып, Чыңгыздын атак даңктуу чыгармаларындагы "Саманчынын жолу" повестиндеги Толгонайдын жер эне менен сүйлөшүү" монологу жана Майсалбектин катын, "Бетме-бет", "Биринчи мугалим" чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарышты. Келечек мууну болгон жаш стуленттерибиз аз жашаса да саз жашаган Алыкулдун ырларынан көркөм айтышып обондуу ырларынан ырдашып, өзүлөрүнүн сезимталдуулук менен даярданышкан активдүүлүктөрүн көрсөтө алышты.

Чыңгыз жана Алыкулга арналган улуу инсандардын сөздөрү айтылып, комуз күүлөрү чертилип, ырлар менен коштолду.

Катышкан тайпалар: 101-ТМ, 106-ПИ.
Жооптуу: Кыргыз тили жана адабияты мугалими И.Т.Калмырзаев.

**0.7** Быйыл Айтматов тирүү болгондо быйыл 96 жашка чыкмак. Бирок жазуучунун жазган чыгармалары дүйнө эли үчүн тирүү жана түбөлүк жашай бермекчи.

**0.8** Жогорудагы көрсөтүлгөн тарбия сааттарды өткөрүү менен студенттерди өзүбүздүн эне тилибизди сүйүүгө, тилди өнүктүрүүгө, улуттун келечеги тил экендиги даңазалоо жана түбөлүк көздүн карегинлей сатай билүү, тил жоголсо улут жоголорун дагы бир түшүндүрүрүлүп, жана Чыңгыздын 96 жашка толгонлугун белгилеп, Чыңгыз ар бир кыргыз жараны эде эмес дүйнө элине өзүнүн кайталангыс чыгармалары менен таанымал болгон дүйнөлүк Алп жазуучу Айтматовду эскерүү иш чаралар жүргүзүлдү. Жооптуулар кураторлор жана кыргыз тили адабияты мугалимдери.

**0.9** 2024-жылдын 12-декабрында саат 13-00до 29-кабинетте 212-Эст тайпасы менен бирдикте кыргыз тили жана адабияты мугалими Балпак кызы Лариса "Алп акындын дүйнөсү" темасында ачык сабак өттү.
Сабак эркин жана кызыктуу өтүлдү жана өз максатына жетти.
Катышкан мугалимдер: И.Т. Калмырзаев
В.Н.Кендирбаева
З.Ж. Калдарова
Г.А. Маймерова
С.Ж.Жумабаева
И.А Узенова

**0.10** 2024-жылдын 18-декабрында саат 14-30 да 29-кабинетте 103-4 ПО, 103-5 ПО тайпаларынын ортосунда" Алыкул жана Айтматов" аталышындагы кураторлук саат өтүлдү. бул кураторлук саат таймаш түрүндө болду. Жооптуу Садирова. МА Катышкан мугалимдер:
Кендирбаева. В.Н
Нурланова.А.К
Тентимишова. А

**0.11** 12-декабрь 2024-жылы саат 10-00 до 223-кабинетте 102-1 тайпасы менен "Ала тоодон үн салган Айтматов" аттуу темада кураторлук саат өтүлдү. Жооптуу: Нурланова Айпери.

**0.12.**20.12.2024-жылы саат 12-40та 122-кабинетте 102-3 ПКС тайпасы менен куратор Балбак кызы Ларисанын жетекчилиги астында "Улуу тил жана Чыңгыз Айтматов" темасында куратордук саат өттү.

**0.13** .19.12.2024-жылы саат 10-00до 102-3 ПКС тайпасы менен жазуучу Чыңгыз Айтматовдун музейинде болдук. Бул жерде студенттер жазуучунун жашаган үйү жана азыркы учурда музей менен таанышып, Чыңгыздын китеп дүйнөсүнүн көргөзмөлөрү, эс алуучу жана иш бөлмөлөрү менен таанышып эстелик үчүн сүрөткө түшүү менен жалпы маалымат алып кайтышты.

**0.14**. Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча китептердин жалпы саны..2470 китеп.

**0.15.** Кыргыз тилинин өнүгүшүнүн негизинде жалпы жетекчи жана кызматкерлердин иш кагаздары кыргыз тилинде жүргүзүлүшү көзөмөлго алынып келет.

**0.16**. Кеп маданиятын өнүктүрүү боюнча "Жаш муундун улуу ою, келечектин шыдыр жолу"-аттуу темада талкуу өткөрүлдү. Бул талкууга 1-курсстун 107-ОГР тайпасынын стуленттери активлүү катыша алышты.

.Жооптуулар: Кендирбаев

Өтүлгөн жер 18.12.2024-жыл. Окуу залы

Катышкандар:Калмырзаев.И.Т, Садирова. М.А,

Бул талкуунун максаты студенттер кеп маданиятын өнүктүрүүдө тилди туура колдонуу, туура сүлөө жана сактай билүү.

**0.17**. Мамлекеттик тилди өркүндөтүү боюнча мыйзам, жобо токтомдорду топтоо жана КР Билим берүү жана илим министрлиги алдындагы сектор менен тыгыз байланыш болуп турат.

**0.18**. И.Разаков атындагы Кырыгз мамлекеттик техникалык университетинде “21-февраль- эл аралык эне тил күнүнө” карата “Кыргыз тили – ынтымактын жана достуктун тили” фестивалын өткөрүү жобосунун негизинде БТК-нын студентери да катыша алышты.

Фестивалдын максты – башка өлкөлөрлдөн келген студенттерди бири-бири менен тааныштырып, кыргыз элинин уникалдуу маданий салттарын даңазалап, элдердин ортосундагы достукту чыңдоо; мамлекеттик тилди жайылтуу; улуттук каада-салттарга урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоо

БТК-нын төмөнкү студенттери катыша алышты
105-ЭФФ группа Сабиров Нурсултан “Орус тилдин Кыргызстанда мааниси.”
106-ПИ группа Мамырбеков Эрсулстан “Кесипкөйлөрдү даярдоодо орус тилдин мааниси жана милдети.”
202-4-ПКС группа Жумабаева Айжан “Ааламдашуу заманында көп тилдүү адистерди даярдоодо кыргыз, орус, чет тилдеринин милдети жана мааниси.”
**0.19.** 21-февраль Эл аралык-эне тил күнүнө карата “Эне тил-улуттун уңгусу, көөнөрбос мурасы” атту адабий кече уюштурулду. Өтүлгөн күнү 21.02.25.
**0.20.** 25-февраль 2025-жыл саат 14-30 “И.Раззаков атындагы КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кызмат орундарынын, багыттар боюнча адистиктеринин, дисциплиналарынын кргызча – орусча аталаштагы,кагаздарынын үлгүлөрү” атту китептин ачылышы болуп өттү.
**0.21.** 5-март 2025-жыл саат 13-00 дө Эл аралык жогорку медициналык мектебинде “ Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн кээ бир маселелери” аталышындагы кереге кеңеш болду. Кереге кеңеште кыргыз тил санариптик окутуу платформасынын таанымы, “Акылай” жасалма интеллект жасалма интеллектин жардамы менен үн таануу,үндү синтездөө википедия менен иштөө жана башка кызыктуу темалар болду.
**0.22.** Бишкектеги курулуш архитектура жана менеджмент колледжинде 2025-жылдын 29-апрелинде “Тарыхтан келечекке аттуу ” окуу жайдын 95 жылдыгына карата жана Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата семинар болуп өттү.
**0.23.** 13-Май 2025-жылы саат 14-00до И.Раззаков атындагы Кыпгыз Мамлекеттик Техникалык Университетинде С.Жусуев атындагы Мамлекеттик тил борбору уюштурган Кыргыз Республикасынын баатыры,Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуевдин 100 жылдыгына жана Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 80-жылдыгына арналган “Мезгил кайрыктары”аттуу адабий иш чарага катышуу уюштурулду.
**0.24** Цифролизатция боюнча кыргыз тили жана адабияты ,кесиптик кыргыз тилдеринен тесстик суроолор түзүлдү.Жалпысынан 700 суроо.

**0.25** Кыргыз Республикисынын Президентинин 2024-жыл 18-Декабрындагы №369 “Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик”уңгу жолун ишке ашыруу жобосунун негизинде конференция өткөрүлдү.Конференцияга 202-4 ПКС, 203-1ПО тайпалардын студенттери катыша алышты.Ошону менен бирге :

1-Жусуп Баласагын атындагы улуттук университетинин филология Илимдеринин доктору, профессо Баймырзаев Бакыт.
2-И Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданияты институтунун филология илимдеринин доктору,

Профессор Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаева.

3-И Арабаев атындагы КМУ нун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы ага окутуучу Масалиева Назгүл Кразалиевна

4- И Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тил жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы ага окутуучусу Сыдыкова Күлүмкан катыша алышты.Жооптуу: Кыргыз тили жана адабияты мугалими И.Т.Калмырзаев.

0.26.2024-2025-окуу жылында план боюнча аткарылбай калган иш-чара :

КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы М.К,Мурataлиев менен студенттерди жолугуштуруу өтүлгөн жок,Себеби төраганын убактысынын жоктугуна байланыштуу болду.

Жалпысынан план боюнча берилген иш чаранын баардыгы аткарылды.

**0.27**. 2024-2025-окуу жылында иш-чаралардын басымдуу бөлүгүн мамлекеттик тилде өткөрүү көзөмөлгө алынып турду.

**Сунуш:**Бишкек техникалык колледжиндеги кадрлар бөлүмүндө,окуу иштеринде жана бардык тармактарда иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү.Колледждеги бардык деңгээлдеги отурумдардын өтүлүшүн жана протоколдордун кыргыз тилинде жүргүзүүнү күчөтүү.Мамлекеттик тилде окутуунун толук циклин жүргүзгөн тайпаларды ачуу.Колледжде окутуунун бардык баскычтарында окутуунун тили катары мамлекеттик тилди колдонууну кеңейтүү.

**Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча**
**директордун орун басары: В.Н.Кендирбаева**